ажк. К

## Нурлан Насип-*"Апакемдин келини"*

**Сөзү :** ЖылдызбекТурсунбаевдики
**Обону :** НурланНасиптики

Өмүрдөгү издеп тапканым,
Өзүң менен ачык асманым.
Ак жоолук салып, жубай болуп,
Астанамды аттадың.

***Кайырма:***
***Оорусам дарым, жашоомдо баарым,***
***Таттырган бакыт даамын,***
***Менин түбөлүктүү жарым.***

***Апамдын күткөн келини сенсиң,***
***Айдын нуруна теңсиң,***
***Бир сени менен кут келсин.***

Көпчүлүктү сыйлап баш урган,
Көшөгөдөн чыкпай жашынган.
Үйдүн ичине жарык чачкан,
Татынакай затыңдан.

***Кайырма:***
***Оорусам дарым, жашоомдо баарым,***
***Таттырган бакыт даамын,***
***Менин түбөлүктүү жарым.***

***Апамдын күткөн келини сенсиң,***
***Айдын нуруна теңсиң,***
***Бир сени менен кут келсин.***